**УДК: 373.2**

***Жоомартбек кызы Б.***
*Жоомартбек кызы Бурул – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН МАМИЛЕНИ ИШКЕ АШЫРУУДА ОКУТУУ ПРОЦЕССИНИН ЭТАПТАРЫ

# ЭТАПЫ ПРОЦЕССА ОБУЧЕНИЯ В РЕАЛИЗАЦИИ ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННОГО ПОДХОДА

# STAGES OF THE LEARNING PROCESS IN THE IMPLEMENTATION OF A PERSON-ORIENTED APPROACH

***Аннотация.*** *Бул макалада инсанга багытталган мамилени ишке ашыруудагы окутуу процессинин этаптары тууралуу сөз болот.*

***Аннотация.*** *В этой статье идет речь об этапах процесса обучения при реализации личностно-ориентированного обучения.*

***Abstract.*** *This article is about the stages of the learning process in the implementation of person-oriented learning.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *инсан, ишке ашыруу, окутуу, процесс, этап.*

***Ключевые слова:*** *личность, реализация, обучение, процесс, этап.*

***Key words:*** *personality, realization, training, process, stage.*

Билим берүү процессинде окуу материалын өздөштүрүү жана таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн тажрыйбасын топтоодо сандык өзгөрүүлөрдүн шартында билимдин сандык топтомунан сапаттык өзгөрүүгө өтүүсү – жаңы кырдаалдарда жаңы татаалдык деңгээлдеги

окуу маселелерин чыгарууга даяр болгон абал, өзүнүн негизинде циклдик окутуунун болжолдойт, анын негизи катары инсанга багытталган мамиле берилиши.

Билим берүү процессинин иш аракетердин негизги параметрлери болуп *максат, каражат жана натыйжа* эсептелет. Инсанга багытталган мамиленин негизги жоболорун жана окутуу процессинин жогоруда айтылган циклдүүлүгүн эске алып жана ошондой эле В.В. Давыдовдун окуу ишмердүүлүгүнүн теориясына таянып, дидактикалык циклдин шартында инсанга багытталган мамилени уюштуруунун төмөнкү этаптарга бөлүп көрсөтүүгө болот [54]. Биргелешкен максат коюу этабы жана окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн өздүк максатын аныктоо окуучулардын кызыгуусун арттырат, баштапкы мотивациясын ойготот, окуу дисциплинасына көңүлүн бурат, иштин жаркын перспективасын түзөт.

Окутуучу менен окуучулардын бул этаптагы алгачкы иши сабактын дидактикалык максатын коюу болуп эсептелет. Ал интеллектуалдык конфликттин натыйжасы катары жаңыны өздөштүрүү муктаждыгынан келип чыгат. Я.А. Пономарёв окутуунун жүрүшүндө окутуучунун максатты так белгилөөсү, теманын түйүндүү суроолорун коюусу, проблемалуу кырдаалдарды, чыгармачыл мүнөздөгү тапшырмаларды түзүүсү окуучутерде таанып-билүү аракеттеринин ар түрдүү усул-ыкмаларды жардамы менен ишке ашырылышына мүмкүндүк берет деп белгилейт [34]. Бул этапта эң маанилүүсү таанып-билүү ишмердүүлүгүн туура уюштуруу зарыл, алгач окуучуларды кызыгууну жана мотивацияны жаратып катышуучу иш менен алектенүүсү керек.

Субъекттик тажрыйбаны актуалдаштыруу жана байытуу этабы - бул инсанга багытталган мамиленин маанилүү мүнөздөмөлөрүнүн бири; дал ошол белгилүү даражада сабакта инсанга багытталган түзүүчүнү, болгон маанилерди илимий маани менен айкалышуусун камсыздайт. Бул этапта негизги багыт, болочок окуу ишмердигинде окуучумурда өздөштүргөн билим запасына таянып, жаштардын субъекттик тажрыйбасына өзгөчө билим берүүчүлүк баалуулукту ыйгаруу. Муну ишке ашырууну окутуучу тиешелүү ыкма жана усулдардын жардамы менен жүргүзөт – талкуулап жаткан маселе боюнча окумуштуулардын ар кайсы көз караштарын салыштыруу; диалог жүргүзүү; турмуштук жана илимий көз караштардын кагылышуусу; сүрөттөлүүчү көрүнүштөрдүн күтүлбөстүк эффекти ж.б.

Бул этапта өзгөчө жардамды *рефлексия* процессинин маанисин издөө, баалуулуктарды салыштыруу, ойлонуу тажрыйбасынын топтомун камсыздаган мүмкүнчүлүктөрдүн жыйындысы катары окутуучу тарабынан түзүлгөн инсанга багытталган кырдаал бериши мүмкүн.

Бул этапта окуучулардын, окуу ишмердүүлүгүндө өзүн туура алып жүрүүгө үйрөтүү, эң оболу, өзүлөрүн (кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн) чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн актуалдуу баалуулук катары сактап калуу маанилүү. Окутуучунун окуу жана субъекттик өз-ара аракеттенүүнүн мазмундук жана процессуалдык аспектилерин эске алуу менен инсанды өнүктүрүүчү кырдаалды түзө билүүсү абдан маанилүү б.с. Жаңы билимдерди презентациялоо этабында окуучулардын жаңы материалды кабыл алуусу, үйрөнүүсү жана ойлонуусу жүрөт, анда окуу мазмуну болуп жаңы нерсенин маанилүү белгилери эсептелет. Мында эң негизгиси окуу материалын (теориялык изилдөөнүн логикалык ыкмалар жана методикалык эрежелер системасы) берүүнүн эвристикалык ыкмаларын камсыздоо. Бул үчүн дискуссияны, окуу диалогун, коллективдик талдоо байкоосун, «мээ чаабулун», белгисиз карама-каршы маалыматтарды, конкреттүү изилдөө иштерин (проекттерди), топтордо иштөөнү колдонсо болот ж.б. Алынган натыйжа (жаңы билим) издөө ишмердүүлүгүнүн процессинде мүмкүн болсо илимий концепциялар(керектүү учурда түзөтүү менен) салыштырылса.

Баштапкы билимди бекемдөө жана колдонуу этабы практикада маалыматты суммалоо жана систематизациялоо, аны ойлонуштуруу, ошондой эле түзөтүү болуп эсептелет. Бул этапта максималдуу түрдө окуучулардын муктаждыктарына дал келген индивидуалдык тапшырмаларды колдонуу, алардын азыркы учурдагы компетенттүүлүктөрүнө тиешелүү жана таанып-билүү имшердүүлүгүнүн формаларын тандоого мүмкүндүк берет.

Өз алдынча ишти колдонууда окуу тобунда кийинки текшерүү менен үч дидактикалык маселе чечилет: 1) жаңыны өздөштүрүүдө кыйынчылыктарды аныктоо; 2) жаңыны өздөштүрүүнүн деңгээлин аныктоо; 3) өзүн-өзү көзөмөлдөө. Рефлексия жана кайтарым байланыш этабы окуучутер тарабынан таанып-билүү ишмердүүлүгүн анын натыйжаларын өзүлөрү талдашат, ошондой эле өзүлөрүнүн ишин көзөмөлдөйт (керек болгон учурда, таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн белгиленген натыйжаларынан четтөө байкалган). Ошол себептен таанып-билүү ишмердүүлүгү аң-сезимдүү жана натыйжалуу ишке ашырылат, эгер ал коюлган максатка баш ийбестен гана, ошондой эле өзүн-өзү талдайт. Анын үстүнө илимий таанып-билүү болгон башка ишмердүүлүктү талдоо керек, ал башка мазмунда жана башка деңгээлде кайталанат. Бул этап ишке ашырылган таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн позитивдүү жана негативдүү жактарын таануунун камсыздайт, таанылган материалды систематизациялоо жана таанып-билүүнүн кийинки циклине даярдоо. Маанилүүсү, бул этапта ар бир окуучуучүн алардын чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүнүн туруктуу көрүнүш кырдаалы түзүлөт. Жыйынтык көзөмөлдүн этабы – жыйынтыктоочу, окуучутер тарабынан текшерүү тапшырмаларынын чыгармачыл жана керектүү формаларын тандап алууга мүмкүндүк түзөт. Этаптарды сүрөттөөнү, инсанга багытталган мамилени уюштурууну аяктап, окуучулардын чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн натыйжалуулугунун деңгээли көз каранды болгон факторлор төмөнкүлөр:

1. Бул билим берүү тармагынын окуу курсунун мазмунунда логикалык жактан аяктаган блокторду бөлүп алып, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүнө ылайыктуу түзүү керек.

2. Бардык окуу материалы дидактикалык максатына жараша окуу иш -аракеттери боюнча оптималдуу бөлүштүрүлүшү керек. Ички мотивациясы бар ишмердүүлүктү гана уюштурбастан, ошондой эле окуучутерди аң-сезимдүү натыйжага аны ишке ашыруу процессинде алып келүү сабактардын блогунда, окуу циклинде гана мүмкүн, ал узактыгы боюнча көбүнчө окуу курсунун өзүнчө темасы менен дал келет.

3. Окуучулар өзүлөрүнүн таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн этаптарын жана алардын функцияларын так билиши керек. Окутууга карата инсанга багытталган мамилени ишке ашырууда окутуучу илимий билим катары берилген мазмунду кабыл алууга мажбурлабайт, ал инсанга багытталган кырдаалды түзүү менен окуучутерди көндүрөт, ынандырат (диалогдун жардамы менен, ж.б.).

4. Окуучулардын чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн дисциплиналар аралык байланышта өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн тиешелүү деңгээлде жасалгаланган окуу кабинеттерин, лабораторияларды, окуучулардын максималдуу түрдө таанып-билүү ишмердүүлүгүнө жардам бере турган бардык нерселерди (дидактикалык материалдар, MULTIMEDIA каражаттарын, Интернет-ресурстар) колдонсо болот.

Инсанга багытталган окутуу процесси билимди текшерүүгө эмес, дүйнө таанымдык көз караштан илимий жагын алып караганда таанып-билүүнү окуучулардын кызыгуусуна дал келүүсү менен байланыштырат. Буга ынанбай коюуга болбойт, мындай болгондо ар бир сабак кичинекей бөлүкчөлөрдөн, жаштарды турмушка кантип туруштук берүүгө жетишүүгө үйрөтөт. Бул критерийди үйрөнүү окуучулардын таанып-билүү кыйынчылыктарын басып өтүү жөндөмүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет, өз алдынча ойлонуу жана чечим чыгаруу билгичтигин калыптандырат. Дагы бир критерий, инсанга багытталган мамиленин натыйжалуулугун баалоодо өзүнүн өзгөчө мазмуну жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон бул «функционалдык-ишмердүүлүк» критерий, ал окутуучу менен окуучулардын ортосундагы байланыштын мүнөзүн, алардын өз-ара аракеттеринин деңгээлин чагылдырат. Бул критерийдин болушу билим берүү процессин байкоо аркылуу өз-ара аракеттенүүнүн уюштуруучулук-методикалык жагын (окутуунун методдору жана формалары, окуудагы өз-ара аракеттенүүдөгү теңкуктук өнөктөштүк баарлашуу, сабакта окутуучу тарабынан жагымдуу психологиялык жагдайды, кызматташтык жана чыгармачылык атмосфераны түзүү). баалоого мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Ажыбаев, Д. Развитие познавательной деятельности окуучуов информационными средствами. Д. Ажыбаев. – Б., 2008. – 163с.
2. Бекбоев, И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек: Педагогика века. – 2004. – 384. б.
3. Байгазиев, С. Окутуунун интерактивдик методу [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек, 2004. – 25 б.
4. Бекбоев, И. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / И. Бекбоев, А. Алимбеков. – Бишкек: Бийиктик, 2001. – 28б.
5. Локк, Дж. Избранные философские сочинения в 2 х томах. [Текст] /. Дж. Локк. – М.: Наука, 1960. – Т.1. – С. 129-138.
6. Усова, А.В. Межпредметные связи в преподавании основ наук в школе [Текст] / А.В. Усова. – М.: Педагогика, 1973. – 168 с.
7. Федорова, Н.П. Межпредметные связи естественно-математических дисциплин [Текст] / Н.П. Федорова. – М.: Просвещение, 1980. – 238 с.;
8. Коджаспирова Г.М. Педагогика: практикум и методические материалы. – М.: ВЛАДОС, 2003. – 416 с.